# Бишкек шаарындагы Т.Сатылганов атындагы №69 окуу –тарбия комплекс- гимназиясы

## Гуманитардык методикалык бирикмесинин

## №1 Протоколу

24-август, 2018-жыл

Катышкандар: С.Абдырахманова, Г.Дүйшекеева, Н.Алимова, Г.Токтобекова, Ч. Баяманова , Кожомуратова, Г.Тюменбаева, Г.Ажыгулова, Ж.Мусаева.

## Күн тартиби

1. 2018-2019-окуу жылына карата предметтик стандарт жана программа менен таанышуу.
2. Сааттарды бөлүштүрүү.
3. Календардык –тематикалык пландарды бекитүү.
4. 2018-2019-окуу жылына окуу китептерин даярдоо.
5. Дидактикалык материалдарды топтоо.

**Угулду:** Чогулушту гуманитардык бирикменин жетекчиси Курманбаева Жумагүл Кубанычбековна ачып, анын максаты, милдети боюнча төмөндөгүлөрдү белгиледи.
Урматтуу чогулуштун катышуучулары, бүгүнкү чогулушубуздун максаты, 2018-2019-окуу жылына карата предметтик стандарт жана программа менен таанышуу,календардык-тематикалык пландарды бекитүү,сааттарды бөлүшүү болуп саналат.
2018-2019-окуу жылына карата Базистик окуу планы КР нын Билим берүү жана илим министирлиги тарабынан бекитилип, “Кут билим”газетасынын 2018-жылдын 17-июлдагы №25-26 санына жарыяланган.Кыргыз тилине ыйгарылган сааттарда айрым өзгөрүүлөр болду.

5-6-класстарда бир саатка кыскарды,тактап айтканда, аталган класстарда жумасына 4 саат, жыл бою 136 саат каралган, бирок 11-класска 1 саат кошулду.

Үстүбүздөгү окуу жылында 5-6-класстарда мугалимдердин жаңы предметтик стандартты (2015) жана жаңы окуу программаны (2018)жүзөгө ашыруу милдети турат. Кыргыз тилин окуутуунун стандартын түзүүчүлөр: Рыспаев С.К., Чыманов Ж. А., Акматов.К.,Оморова А.А., Джусупбекова Н.С. Ага ылайык 5-6-класстар үчүн жаны стандарттын негизинде окуу китептери түзүлүп, апробациядан өткөрүлдү. 5-класс үчүн кыргыз тили окуу китебинин авторлору: А.Койлубаева, А.Койлубаева, 6-класстын окуу китебинин авторлору:С.Үсөналиев, Г.Үсөналиева. Бул окуу китептери негизги окуу китептери болуп саналат.

7-10-класстардын сааттарында өзгөрүүлөр болгон жок.Тактап айтканда,7-8-класстарда жумасына 3саат, жыл бою 102 саат,9-10-класстарда жумасына 2 саат ,жыл бою 68 саат каралган.

11- класста,жогоруда белгилегендей, кыргыз тилин окутууга 1саат кошулду, аталган класста жумасына 3 саат, жыл бою 102 саат каралган. 11-класстын бүтүрүүчүлөрү кыргыз тили предмети боюнча жалпы республикалык тест тапшыра

тургандыгын эске алып,толуктоо боюнча кайталоо, бышыктоо, машыктыруу иштерин жүргүзүүлөрү керек.

2018-2019-окуу жылында Кыргыз адабияты предметин окутууну адабият боюнча кабыл алынган жаңы стандарттардын жана программалардын негизинде жүргүзүү зарыл. Адабият боюнча жаңы стандарттын өзгөчөлүгү-анын компетенттүүлүк парадигмасына негизделип түзүлгөндүгүндө. Стандарт мугалимди адабиятты окутууда реалдуу натыйжага жетишүүгө багыттайт. Башкача айтканда,мугалим окуучунун көркөм чыгарманын өзүн окуп, анын сюжетине ,образдарына, каармандарына, көркөм поэтикасына түшүнүп,окуган чыгармасынын руханий баалуулуктарын практикалык турмушунда колдоно билүүсүнө жетишибиз керек. Адабия программасы да ушундай идеяга негизделген.Быйылкы жаңы окуу жылындагы 5-6-класстардын Кыргыз адабияты окуу китеби жаңы жазылып, жарыкка чыкты.

Кыргыз адабияты прграммасынын негизги мазмунун байыркы көркөм мурастар, улуттук фольклор,акындар поэзиясы,жазма адабиятыбыздын жана профессионал көркөм сөз өнөрүбүздүн тандамал үлгүлөрү түзөт.

Ал эми тарых предмети боюнча да 2018-2019-окуу жылында 5-6-класстар жаңы муундагы предметтик стандарттын (2015) жана окуу программасынын негизинде окушат.

5-класс үчүн мурдагы жумасына окутулган 2 саат калыбына келтирилип, биринчи жарым жылдыкта “ Тарыхка киришүү” жумасына 2 саат (32саат), экинчи жарым жылдыкта “Дүйнөлүк тарых” 2 саат (36 саат) окутулат.

6-класстын биринчи жарым жылдыгында “Дүйнөлүк тарых”жумасына 2 саат (32 саат),экинчи жарым жылдыкта “Кыргызтан тарыхы” 2 саат (36 саат) окутулат.

5-6–класстар үчүн “Кыргызстан тарыхы” жана “Дүйнөлүк тарыхы” болуп бөлүнүп,эки курс кезектешип окутулгандыктан, класстык журналдарга, Тарых предмети деп эле жазылат.

7-11-класстарда Тарых предмети “Кыргызстан тарыхы” жана “Дүйнөлүк тарых” болуп бөлүнүп,эки курс класстык журналдарга, сабактын жадыбалына, бүтүрүү аттестаттарына эки башка жазылат.

Ал эми “Адеп” предмети 5-6-класстарда “Адам жана коом”предметине интеграцияланды.Адеп предмети андан сырткары 1-2-3-4-жана 7-8-класстарды камтып, ар бир класска жумасына 1 саат бөлүнүп, сабактардын жылдык көлөмү 34 саатты түздү. Урматтуу мугалимдер, быйылкы жылы жогоруда айтылган программа жана стандарттын негизинде иш жүргүзөбүз. Ар бириңиздер программа жана стандарт менен таанышып чыгыңыздар.

Чыгып сүйлөгөндөр:

Баяманова Чынара: -Урматтуу мугалимдер, биз жогоруда айтылган жаңы программа жана стандарт менен таанышып чыккан соң, 2018-2019-окуу жылында сааттарды уланмалуулук менен бөлүштүрөлү. Мурун кайсы класстарга сабак берсек, ошону андан ары улантып кетели. Ал эми жаңы келген мугалимдер 5-класстан баштап алып кетишсин. Биз аларга жаңы программа жана стандарт боюнча жардам берели.

Ошондой эле жаңы технологиялар жана методикалык инновациялар жагынан изденүү менен иш алып баралы. Кыргыз тили предметин окутуунун натыйжалуулугун,сапатын арттыруу менен, окуучулардын жазуу кеп маданиятын калыптандырууга көңүл буралы.

Абдырахманова Салия: -Урматтуу мугалимдер, класстар боюнча календардык-тематикалык пландарды жаңы программанын негизинде түзөлү да, чогулуп карап чыгып, анан бекиттирели. Ошондой эле календардык-тематикалык планга киргизилген темалар окуу китептеринде барбы, же жокпу, ошону карап чыгуу керек.Андан тышкары ошол сабактарга көрсөтмө куралдарды даярдайлы.

Дүйшекеева Гүлүм:2018-2019-окуу жылына окуу китептери толук жетеби ошол боюнча тактап, ар бир параллел жетишпеген китептерди тең бөлөлү, же ата-энелерге жеткизели. Жетишпеген окуу китептерин сатып берүүгө мүмкүнчүлүгү бар ата- энелер сатып беришсин. Мүмкүнчүлүгү жокторго толук бергенге аракет кылалы.Урматтуу мугалимдер, быйылкы окуу жылында бардыгыңыздардын иштериңиздерге ийгилик каалайм.

## Методикалык бирикменин чогулушунун чечими:

1. Бирикме ичинде мугалимдер программа жана стандарт менен толук таанышып чыгышсын
2. Сааттарды бөлүштүрүүдө уланмалуулук сакталсын.
3. Окуу программасынын негизинде календардык-тематикалык пландар өз убагында бекитилүүгө даярдалсын.
4. Окуу китептери 2018-2019-окуу жылына толугу менен даярдалсын.
5. Окуучулардын билим сапатына жана алардын өздөштүрүүсүнө предметтик мугалимдертарабынан көңүл буруу күчөтүлсүн.

Метод бирикменин жетекчиси: Курманбаева Ж.К.

Метод бирикменин катчысы: Мусаева Ж. Т.

**Бишкек шаарындагы Т.Сатылганов атындагы №69 окуу –тарбия комплекс – гимназиясынын гуманитардык бирикмесинин**

**№2 Протоколу**

25-октябрь, 2018-жыл

Катышкандар: С.Абдырахманова, Г. Дүйшекеева , Н. Алимова , Г. Токтобекова , Ч. Баяманова , М. Кожомуратова , Г. Тюменбаева , Г. Ажыгулова , Ж. Мусаева., Усупбай уулу Кенжекул, Шамил кызы Айчүрөк, К. Оморова.

## Күн тартиби

1. Окуучулардын билим сапатынын жана жетишүүсүнүн 5 жыл ичиндеги жыйынтыгы

**Угулду:** Чогулушту гуманитардык бирикменин жетекчиси Курманбаева Жумагүл Кубанычбековна ачып, анын максаты, милдети боюнча төмөндөгүлөрдү белгиледи.Урматтуу мугалимдер, бүгүнкү чогулушубуздун максаты-2018-2019-окуу жылындагы боло турган аккредитацияга карата окуучулардын беш жыл ичиндеги билим сапаты менен жетишүүсүнө анализ жүргүзүү.

| Предмет тин аты | Класс тар | 2013-2014 | | 2014-2015 | | 2015-2016 | | 2016-2017 | | 2017-2018 | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| кыргыз тили | 5-11 | 68% | 100% | 69% | 100% | 68% | 100% | 68% | 100% | 64% | 97% |
| кыргыз адабияты | 5-11 | 70% | 100% | 69% | 100% | 72% | 100% | 70% | 100% | 68% | 100% |
| Кыргызстан тарыхы | 5-11 | 57% | 100% | 66% | 100% | 64% | 100% | 71% | 100% | 69% | 100% |
| дүйнөлүк тарых | 5-11 | 57% | 100% | 67% | 100% | 67% | 100% | 71% | 100% | 70% | 100% |
| адам жана коом | 9-11 | 77% | 100% | 80% | 100% | 94% | 100% | 94% | 100% | 97% | 100% |
| адеп | 5-11 | 82% | 100% | 86% | 100% | 88% | 100% | 90% | 100% | 88% | 100% |

Чыгып сүйлөгөндөр:

Абдырахманова Салия**:** -Урматтуу мугалимдер, биз жогорудагы таблицадан 5 жылдын ичиндеги кыргыз тили предмети жана тарых предметтеринин билим сапаты, жетишүүсү жөнүндө көрдүк. Бул көрсөткүчтөр жаман эмес деп ойлойм.

Баяманова Чынара: -Урматтуу мугалимдер, мына биз бүгүн 5-11-класска чейинки окуучулардын беш жыл ичиндеги билим сапаты менен жетишүүсүн көрдүк. Ар бир жылда, ар бир класста айырмачылыктар бар. Муну биз жогорудагы таблицадан көрүп отурабыз. Мындан да жакшы ийгиликтерге жетүү үчүн эмне кылуу керек ошол боюнча ойлонсок.Ал үчүн кетирилген каталардын үстүндө иштөө керек. Бирикме ичинде жат жазуу, тесттерди ар бир чейректе алып туруу керек.

Алимова Нигорахан: **-** Эжелер, мен жогорку таблицаны карап отуруп, мындай ойго келдим.Окуучуларды баалоодо мугалим объективдүүлүк,негиздүүлүк, системалуулук, бирдиктүү талап, ар тараптуулук, жекелик мүнөздөгү принциптерди жетекчиликке алуу керек деп ойлойм.Ошондо гана окуучулардын билим сапаты туура бааланат го дейм.

## Методикалык бирикменин чогулушунун чечими:

1. Бирикме ичинде мугалимдер окуучулардын билим сапатына, жетишүүсүнө көңүл бурулсун.
2. Окуучулардын кетирген каталарынын үстүндө иштөө дайыма жүргүзүлсүн.
3. Жетишпеген окуучулар менен системалуу иш алып барылсын.

Метод бирикменин жетекчиси: Курманбаева Ж.К.

Метод бирикменин катчысы: Мусаева Ж.Т.

**Бишкек шаарындагы Т.Сатылганов атындагы №69 окуу –тарбия комплекс- гимназиясынын гуманитардык бирикмесинин**

**№3 Протоколу**

20-ноябрь, 2018-жыл

Катышкандар: С.Абдырахманова, Г. Дүйшекеева, Н. Алимова, Г. Токтобекова, Ч. Баяманова , М. Кожомуратова , Г. Тюменбаева , Г. Ажыгулова , Ж. Мусаева , Усупбай уулу Кенжекул, К.Оморова , Шамил кызы Айчүрөк.

Күн тартиби

1. Мектеп ичиндеги административдик билим кесилишинин 5 жылдык анализи.

   Угулду: Чогулушту гуманитардык бирикменин жетекчиси Курманбаева Жумагүл Кубанычбековна ачып, анын максаты, милдети боюнча төмөндөгүлөрдү белгиледи.Урматтуу чогулуштун мугалимдери, бүгүнкү чогулушубуздун максаты- 2018-2019-окуу жылындагы боло турган аккредитацияга карата беш жыл бою мектеп ичинде, ички көзөмөл боюнча алынган билим кесилишине карата анализ кылуу.
   Көзөмөлдүн мазмуну: окуучулардын билимин, көндүмдөрүн жана билгичтиктерин текшерүү болуп эсептелинет.
   Көзөмөлдүн формасы: административдик пландуу көзөмөл

   Ички көзөмөл эки метод менен жүргүзүлгөн.
   **1.** Кыргыз тилинен жат жазуу түрүндө алынган.
   **2.** Кыргыз адабиятынан тест түрүндө алынган.
   **3.** Тарых, адам жана коом предмети боюнча да тесттер алынган.

   Ар бир текшерүү иштин жыйынтыгында окуучулардын билим сапатынын жогорулагандыгын көрсөк болот.

   Азыр таблицага көңүл бурсак, урматтуу мугалимдер.

**2013-2014-окуу жылындагы 5-11- класстардын кыргыз тили жана кыргыз адабияты предмети боюнча жүргүзүлгөн ички көзөмөлдүн жыйынтыгы**

| Класс | Кыргыз тили | | Кыргыз адабияты | |
|---|---|---|---|---|
| | билим сапаты | жетишүүсү | билим сапаты | жетишүүсү |
| 5-класс | 58% | 100% | 67% | 100% |
| 6-класс | 48% | 98% | 54% | 100% |
| 7-класс | 65% | 100% | 58% | 100% |
| 8 -класс | 64% | 95% | 64% | 95% |
| 9- класс | 53% | 95% | 53% | 95% |
| 10-класс | 61% | 97% | 65% | 100% |
| 11-класс | 38% | 100% | 71% | 100% |

**2014-2015-окуу жылындагы 5-11- класстардын кыргыз тили жана кыргыз адабияты предмети боюнча жүргүзүлгөн ички көзөмөлдүн жыйынтыгы**

| Класс | Кыргыз тили | | Кыргыз адабияты | |
|---|---|---|---|---|
| | билим сапаты | жетишүүсү | билим сапаты | жетишүүсү |
| 5-класс | 49% | 87% | 58% | 98% |
| 6-класс | 58% | 100% | 62% | 100% |
| 7-класс | 64% | 100% | 58% | 100% |
| 8 -класс | 62% | 96% | 57% | 94% |
| 9- класс | 57% | 96% | 59% | 99% |
| 10-класс | 72% | 97% | 62% | 100% |
| 11-класс | 83% | 100% | 86% | 100% |

**2015-2016-окуу жылындагы 5-11- класстардын кыргыз тили жана кыргыз адабияты предмети боюнча жүргүзүлгөн ички көзөмөлдүн жыйынтыгы**

| Класс | Кыргыз тили | | Кыргыз адабияты | |
|---|---|---|---|---|
| | билим сапаты | жетишүүсү | билим сапаты | жетишүүсү |
| 5-класс | 58% | 100% | 62% | 100% |
| 6-класс | 62% | 91% | 68% | 94% |
| 7-класс | 46% | 93% | 67% | 98% |
| 8 -класс | 65% | 92% | 60% | 96% |
| 9- класс | 64% | 96% | 55% | 95% |
| 10-класс | 60% | 100% | 64% | 100% |
| 11-класс | 59% | 98% | 58% | 97% |

**2016-2017-окуу жылындагы 5-11- класстардын кыргыз тили жана кыргыз адабияты предмети боюнча жүргүзүлгөн ички көзөмөлдүн жыйынтыгы**

| Класс | Кыргыз тили | | Кыргыз адабияты | |
|---|---|---|---|---|
| кыргыз тили | билим сапаты | жетишүүсү | билим сапаты | жетишүүсү |
| 5-класс | 76% | 96% | 68% | 92% |
| 6-класс | 62% | 91% | 48% | 94% |
| 7-класс | 46% | 93% | 56% | 98% |
| 8 -класс | 66% | 94% | 55% | 93% |
| 9- класс | 54% | 95% | 65% | 97% |
| 10-класс | 69% | 97% | 73% | 100% |
| 11-класс | 56% | 100% | 71% | 100% |

**2017-2018-окуу жылындагы 5-11- класстардын кыргыз тили жана кыргыз адабияты предмети боюнча жүргүзүлгөн ички көзөмөлдүн жыйынтыгы**

| Класс | Кыргыз тили | | Кыргыз адабияты | |
|---|---|---|---|---|
| кыргыз. тил | билим сапаты | жетишүүсү | билим сапаты | жетишүүсү |
| 5-класс | 58% | 100% | 64% | 100% |
| 6-класс | 62% | 91% | 68% | 94% |
| 7-класс | 64% | 100% | 67% | 100% |
| 8 -класс | 58% | 88% | 48% | 92% |
| 9- класс | 60% | 90% | 45% | 89% |
| 10-класс | 70% | 93% | 47% | 100% |
| 11-класс | 66% | 100% | 38% | 95% |

**2013-2014-окуу жылындагы 5-11- класстардын тарых, адам жана коом предмети боюнча жүргүзүлгөн ички көзөмөлдүн жыйынтыгы**

| Класс | Тарых | | Адам жана коом | |
|---|---|---|---|---|
| | билим сапаты | жетишүүсү | билим сапаты | жетишүүсү |
| 5-класс | 69% | 100% | | |
| 6-класс | 73% | 100% | | |
| 7-класс | 72% | 100% | | |
| 8 -класс | 67% | 96% | | |
| 9- класс | 64% | 100% | 65% | 98% |
| 10-класс | 68% | 100% | 72% | 100% |
| 11-класс | 66% | 100% | 56% | 100% |

**2014-2015-окуу жылындагы 5-11- класстардын тарых, адам жана коом предмети боюнча жүргүзүлгөн ички көзөмөлдүн жыйынтыгы**

| Класс | Тарых | | Адам жана коом | |
|---|---|---|---|---|
| | билим сапаты | жетишүүсү | билим сапаты | жетишүүсү |
| 5-класс | 59% | 100% | | |
| 6-класс | 78% | 100% | | |
| 7-класс | 68% | 100% | | |
| 8 -класс | 69%% | 98% | | |
| 9- класс | 76% | 100% | 62% | 100% |
| 10-класс | 65% | 100% | 69% | 100% |
| 11-класс | 72%% | 97% | 49% | 100% |

**2015-2016-окуу жылындагы 5-11- класстардын тарых,адам жана коом предмети боюнча жүргүзүлгөн ички көзөмөлдүн жыйынтыгы**

| Класс | Тарых | | Адам жана коом | |
|---|---|---|---|---|
| кыргыз тили | билим сапаты | жетишүүсү | билим сапаты | жетишүүсү |
| 5-класс | 76% | 96% | | |
| 6-класс | 62% | 91% | | |
| 7-класс | 66% | 93% | | |
| 8 -класс | 66% | 94% | | |
| 9- класс | 74% | 95% | 65% | 97% |
| 10-класс | 69% | 97% | 73% | 100% |
| 11-класс | 76% | 100% | 71% | 100% |

**2016-2017-окуу жылындагы 5-11- класстардын тарых, адам жана коом предмети боюнча жүргүзүлгөн ички көзөмөлдүн жыйынтыгы**

| Класс | Тарых | | Адам жана коом | |
|---|---|---|---|---|
| | билим сапаты | жетишүүсү | билим сапаты | жетишүүсү |
| 5-класс | 78% | 100% | | |
| 6-класс | 72% | 100% | | |
| 7-класс | 68% | 100% | | |
| 8 –класс | 75% | 100% | | |
| 9- класс | 62% | 96% | 64% | 99% |
| 10-класс | 59% | 98% | 87% | 100% |
| 11-класс | 69% | 100% | 64% | 100% |

**2017-2018-окуу жылындагы 5-11- класстардын тарых,адам жана коом предметтери боюнча жүргүзүлгөн ички көзөмөлдүн жыйынтыгы**

| Класс | Тарых | | Адам жана коом | |
|---|---|---|---|---|
| | билим сапаты | жетишүүсү | билим сапаты | жетишүүсү |
| 5-класс | 77% | 100% | | |
| 6-класс | 62% | 91% | | |
| 7-класс | 74% | 100% | | |
| 8 -класс | 58% | 88% | | |
| 9- класс | 60% | 90% | 65% | 89% |
| 10-класс | 70% | 93% | 77% | 100% |
| 11-класс | 66% | 100% | 68% | 95% |

Чыгып сүйлөгөндөр:

Абдырахманова Салия: -Урматтуу мугалимдер, биз жогорудагы таблицадан ички козөмөл боюнча планга коюлган билим кесилиши боюнча алынган тесттердин жана жат жазуунун проценттерин көрдүк. Бул көрсөткүчтөр биздин бирикме үчүн жаман эмес. Эң жогорку көрсөткүчтөрдү 11-класстын окуучулары берген. Мында эки алган окуучулардын саны да аз.Мындан кийин да билим кесилиши боюнча алына турган тесттерди түзүп, демилге көрсөтүп колдообуз керек.Ал эми төмөнкү проценттерди берген класстар менен тыгыз иштешибиз керек.

Усупбай уулу Кенжекул:- 8-11-класска чейинки окуучулардын беш жыл ичиндеги билим сапаты менен жетишүүсүн көрдүк.Ар бир жылда, ар бир класста айырмачылыктар бар.Муну биз жогорудагы таблицадан көрүп отурабыз.Мындан да жакшы ийгиликтерге жетүү үчүн эмне кылуу зарыл, ошол боюнча ойлонсок.Ал үчүн кетирилген каталардын үстүндө иштөө керек. Бирикме ичинде жат жазуу, тесттерди ар бир чейректе алып туруу абзел.

Кожомуратова Мээрим:- Эжелер, мен жогорку таблицаны карап отуруп мындай ойго келдим.Окуучуларды баалоодо мугалим объективдүүлүк,негиздүүлүк, системалуулук,бирдиктүү талап, ар тараптуулук,жекелик мүнөздөгү принциптерди жетекчиликке алуу керек деп ойлойм.Ошондо гана окуучулардын билим сапаты туура бааланат го дейм.

## Методикалык бирикменин чогулушунун чечими:

1.Бирикме ичинде мугалимдер тарабынан дайыма тесттер алынсын.

2. Окуучулардын кетирген каталарынын үстүндө иштөө дайыма жүргүзүлсүн.

3.Жетишпеген окуучулар менен системалуу иш алып барылсын.

Метод бирикменин жетекчиси: Курманбаева Ж.К.

Метод бирикменин катчысы: Мусаева Ж. Т.

## Бишкек шаарындагы Т.Сатылганов атындагы №69 окуу –тарбия комплекс- гимназиясынын гуманитардык бирикмесинин

## №4 Протоколу

27-ноябрь, 2018-жыл

Катышкандар: С.Абдырахманова, Г. Дүйшекеева , Н. Алимова , Г. Токтобекова , Ч. Баяманова , М. Кожомуратова , Г.Тюменбаева , Г.Ажыгулова , Ж. Мусаева , Усупбай уулу Кенжекул, К. Оморова , Шамил кызы Айчүрөк.

## Күн тартиби

1. Гуманитардык бирикменин 5-9, 10-11-класстык баскычтар боюнча билим сапатынын жетишүүсүнүн 5 жылдык анализи

**Угулду:** Чогулушту гуманитардык бирикменин жетекчиси Курманбаева Жумагүл Кубанычбековна ачып, анын максаты, милдети боюнча төмөндөгүлөрдү белгиледи. Бүгүнкү чогулушубуздун максаты баскычтар боюнча 5-9, 9-11-класстарынын билим сапаты менен жетишүүсүнө анализ жүргүзүү. Кайсы баскычта окуучулардын билим сапаты жогору пайызды бергенине көңүл буралы.

**5-9-класс:**

| № | Предметтин аты | 2013-2014 | | 2014-2015 | | 2015-2016 | | 2016-2017 | | 2017-2018 | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | кыргыз тил | 66% | 100% | 68% | 100% | 61% | 100% | 69% | 100% | 71% | 100% |
| 2. | кыргыз адабияты | 77% | 100% | 78% | 100% | 64% | 100% | 76% | 100% | 78% | 100% |
| 3. | Кыргызстан тарыхы | 65% | 100% | 67% | 100% | 63% | 100% | 69% | 100% | 64% | 100% |
| 4. | дүйнөлүк тарыхы | 68% | 100% | 72% | 100% | 64% | 100% | 72% | 100% | 67% | 100% |
| 5. | адам жана коом | 80% | 100% | 82% | 100% | 83% | 100% | 86% | 100% | 87% | 100% |
| 6. | адеп | 82% | 100% | 84% | 100% | 88% | 100% | 85% | 100% | 86% | 100% |

**10-11-класстар:**

| № | Предметтин аты | 2013-2014 | | 2014-2015 | | 2015-2016 | | 2016-2017 | | 2017-2018 | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | кыргыз тил | 69% | 100% | 70% | 100% | 73% | 100% | 74% | 100% | 71% | 100% |

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2. | кыргыз адабият | 78% | 100% | 78% | 100% | 80% | 100% | 76% | 100% | 80% | 100% |
| 3. | Кыргызстандын тарыхы | 68% | 100% | 69% | 100% | 74% | 100% | 75% | 100% | 76%% | 100% |
| 4. | дүйнөлүк тарыхы | 69% | 100% | 72% | 100% | 72% | 100% | 76% | 100% | 74% | 100% |
| 5. | адам жана коом | 82% | 100% | 82% | 100% | 83% | 100% | 86% | 100% | 87% | 100% |
| 6. | адеп | 84% | 100% | 85% | 100% | 86% | 100% | 85% | 100% | 86% | 100% |

Чыгып сүйлөгөндөр:

Дүйшекеева Гүлүм:-Мына жогорудагы таблицадан көрүп тургандай, улам класстар көтөрүлгөндө окуучулардын билим сапаты да көтөрүлүп жатканын көрүп турабыз.

Абдырахманова Салия:-Урматтуу мугалимдер, биз жогорудагы таблицадан ар бир баскыч боюнча окуучулардын билим сапатынын процenttерин көрдүк. Бул көрсөткүчтөр биздин бирикме үчүн жаман эмес. Эң жогорку көрсөткүчтөрдү 11-класстын окуучулары берген..

## Методикалык бирикменин чогулушунун чечими:

1.Бирикме ичинде мугалимдер тарабынан окуучулардын билим сапатына көңул бурулсун.

2. Ар бир мугалим тарабынан сабактын сапаттуулугун арттыруу максатында иш жүргүзүлсүн.

Метод бирикменин жетекчиси: Курманбаева Ж.К.


Метод бирикменин катчысы: Мусаева Ж. Т.

**Бишкек шаарындагы Т.Сатылганов атындагы №69 окуу –тарбия комплекс – гимназиясындагы гуманитардык бирикменин ичиндеги баалоонун нормативдери жөнүндө маалымат**

**Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары:**

Кыргыз тили сабагындагы билимдин натыйжасын баалоо окутуп үйрөтүүнүн формалары жана методдорунун максаты менен тыгыз байланышта. Баалоонун максаты- күтүлүп жаткан билимдин чыныгы натыйжаларына карата аныктоо. Окуучулардын билимин баалоодо мугалим окутуунун методдоруна жана формаларына жараша түрдүү методдорду колдонот.

Баалоонун түрлөрү, формалары жана типтери




Кыргыз тили сабагынданегизгииштердибаалоокритерийлерижананормалары:

Оозекисурамжылоо

Кыргыз тилинде оозеки сурамжылоо окуучулардын билимин эсепке алуунун негизги жолу болуп саналат. Окуучунун толук жообу берилген темага байланыштуу, логикалык ырааттуу билдирүү, анын аныктамаларды, конкреттүү учурларда эрежелерди колдоно алуу жөндөмүн көрсөтөт.

Окуучулардын жообун сунушталган баалоо критерийлери:

1) жооптун суроого дал келиши;

2) жооптун далилдөөсү;

3) жооптун тил коздугу.

Сунушталган нормативдер:

Оозеки жооптун баалоо көрсөткүчүнүн таблицасы

| Баа | Көрсөткүчтөр |
|---|---|
| “5” деген баа | окуучу билимин жана ошол теманы түшүнгөнүн көрсөтөт:<br>1) тил түшүнүктөрүнө туура аныктамаларды берет;<br>2) өзүнүн ой пикирин негиздей алат, билимин практикада колдоно алат, керектүү мисалдарды китептен эле келтирбестен, өз алдынча да түзө алат; |

| | |
|---|---|
| | 3) адабий тилдин нормаларында материалды ироттүү жана туура баяндайт. |
| “4” деген баа | жооп “5” деген баадагы талаптарга дал келет, бирок өзү оңдогон 1, 2 катага, ырааттуулукта жана тил коосдугундагы баяндоодо 1-2 кемчиликке жол берет. |
| “3” деген баа | окуучу билимин жана ошол теманын негизги жоболорун түшүнгөнүн көрсөтөт, бирокматериалды толук эмес баяндайт жана түшүнүктөрдү же эрежелерди так эмес аныктоого жол берет;<br>2) өз оюн жетишерлик терең жана ишенимдүү далилдей бербейт жана өз мисалдарын келтире албайт;<br>3)материалды ирээти менен баяндабайт жана тил коздугунда баяндоодо катага жол берет. |
| “2” деген баа | окуучу ылайыктуу бөлүмдүн материалынын көпчүлүк бөлүгүн билбегендигин көрсөтөт, эреже жана түшүнүктөрдү так жана кыска түшүндүрүүдө катага жол берет, материалды ирээтсиз баяндайт. “2” деген баа окуучуну даярдоодо кийинки материалды ийгиликтүү өздөштүрүүсүнө олуттуу тоскоол боло турган кемчиликтерин белгилейт. |
| “1” деген баа | окуучу материалды толук билбегендигин жана түшүнбөгөндүгүн көрсөтөт. |

Эскертүү. (“5”, “4”, “3”) деген баа бир эле жолу берилген жоопко гана эмес (окуучунун даярдануусун текшерүүгө белгилүү бир убакыт берилгенде), убакытка бөлүнүп берилген, башкача айтканда окуучу тарабынан берилген жооптордун жыйынтыгы, сабак аралыгында (ар бир сабакка балл чыгарылат), сабак учурунда окуучунун жооптору угулган гана эмес, анын билимин практикада колдонуу жөндөмдүүлүгүн текшерүү жүргүзүлгөн шартта.

**Жат жазуу**

Жат жазуу – бул орфографиялык жана пунктуациялык сабаттуулукту текшерүүнүн негизги формасы. Жат жазууга байланыштуу тексттерди колдонуу жөндүү, заманбап, адабий тилдин нормаларына жооп берген, ошол класстын окуучуларына мазмуну боюнча ылайыктуу болуш керек.

Жат жазуу тексттерине болгон талаптар.

Тексттин көлөмү

5-класс үчүн – 90-100 сөз,

6- класс үчүн – 100-110 сөз,

7- класс үчүн- 110-120сөз,

8- класс үчүн-120-150сөз,

9-класс үчүн- 150-170 сөз.

Сөздөрдү эсептөөдө өз адынча жана көмөкчү сөздөр да эсепке алынат.

Сөздүн көлөмү текшерүүгө мүмкүн болбогон жана текшерүүгө кыйын болгон жазылуулар менен, жазуу эрежелери окуучуларга атайы үйрөтүлгөн:

5- класс – 5 сөздөн ашык эмес,

6-7 класстар – 7 сөздөн ашык эмес,

8-9 класстар – 10дон ашпаган ар түрдүү сөздөр.

Биринчи чейректин аягына чейин (ал эми 5-класста – биринчи жарым жылдыктын аягына чейин) тексттин көлөмү сакталат, кийинки класска сунушталат.

Контролдук сөздүк жат жазуу текшерүүгө мүмкүн болбогон жана текшерүүгө кыйын болгон орфограммалар менен сөздөрдү өздөштүрүүсүн текшерет. Ал төмөнкү сөз көлөмүнөн турушу мүмкун: 5-класс үчүн – 15-20, 6-класс үчүн -20-25, 7-класс үчүн 25-30, 8- класс үчүн- 30-35, 9-класс үчүн 34-40.

Белгилүү бир темадагы жат жазуу ошол теманын орфограмма же пунктограммалардын негизги формаларын кошуш керек, жана да мурда жетишкендиктеринин бекемдигин табуусун камсыз кылат.
Контролдук жат жазуу үчүн ошол темада окутулуп жаткан орфограмма жана пунктограммалар 2-3 учур менен бериле турган тексттерди тандоо керек. Мурда үйрөнгөн орфограмма жана пунктограммалардан негизгиси эле кошулат, алар 1-3 учур менен берилиш керек. Жалпы алганда текшерилген орфограмма жана пунктограммалардын көлөмү 5- класста-12 ар түрдүү орфограмма жана 2-3 пунктограмма, 6-класста 16 ар түрдүү орфограмма жана 3-4 пунктограмма,
7-класста 20 ар түрдүү орфограмма жана 4-5 пунктограмма, 8-класста 24 ар түрдүү орфограмма жана 10 пунктограмма, 9-класста 24 ар түрдүү орфограмма жана 15 пунктограммадан ашпаш керек. Контролдук жат жазуунун текстине жетишерлик өлчөмдө бекемделип, кайта дагы үйрөтүлгөн гана орфограммалар кошулуш керек (мурдагы 2-3 сабактан кем эмес).
Сунушталган нормативдер:
Жат жазууну баалоо көрсөткүчүнүн таблицасы

| Баа | Көрсөткүчтөр |
|---|---|
| “5” деген баа | Катасыз иш же 1 одоно эмес орфографиялык, 1 одоно эмес пунктуациялык же 1 одоно эмес грамматикалык катасы бар болсо. |
| “4” деген баа | 2 орфографиялык жана 2 пунктуациялык, же<br>1 орфографиялык жана 3 пунктуациялык каталар, же<br>4 пунктуациялык ал эми орфографиялык каталардын жок болгонунда.<br>“4” деген баа 3 орфографиялык катада коюлушу мүмкүн, эгер алардын арасында бир типтегилер болсо. Аны менен бирге 2 грамматикалык катага да жол берилет. |
| “3” деген баа | 4 орфографиялык жана 4 пунктуациялык каталар, же<br>3 орфографиялык жана 5 пунктуациялык каталар, же<br>7 пунктуациялык ал эми орфографиялык каталардын жок болгонунда.<br>5-класста “3” деген бааны 5 орфографиялык жана 4 пунктуациялык каталарда коюуга уруксат берилет. “3” деген баа 6 орфографиялык жана 6 пунктуациялык катада коюлушу мүмкун, эгер алардын арасында бир типтүү жана одоно эмес каталар бар болсо. Анын менен бирге 4 грамматикалык катага да жол берилет. |
| “2” деген баа | 7 орфографиялык жана 7 пунктуациялык каталар, же<br>6 орфографиялык жана 9 пунктуациялык каталар, же<br>8 орфографиялык жана 6 пунктуациялык каталар. |
| “1” деген баа | “2” деген баага караганда каталардын санынын көптүгү. |

Эскертүү.
Жат жазууну баалоодо оңдолот, бирок катасы эсептелинбейт:
1) сөз ташууда;
2) мектеп программасына кирбеген эрежелерге;
3) али үйрөнбөгөн эрежелерге;
4) жазуудагы жаңылыштык - туура эмес жазылуулар.
Жат жазууларды баалоодо катанын өзгөчө сапатын эсептөө маанилүү. Каталар арасында одоно эмес, мындайча айтканда, сабаттуулукту мүнөздөй турган олуттуу мааниге ээ болбогондорун белгилей кетиш керек. Каталарды эсептөөдө эки одоно эмес ката бир катага эсептелинет. Одоно эмес каталарга төмөнкүлөр кирет:
1) эрежеден тышкары;
2) баш тамганын, энчилүү аттардын жазылышы;

3) бир тыныш белгинин ордуна экинчиси коюлган учурда;
4) айкалышып турган белгилердин бирин калтырып кетүү же ырааттуулугун бузуу.
Катанын бир типтүү жана кайталана берүүчүлүгүн эске алуу керек. Эгерде ката бир эле сөздө же бир уңгу сөздүн уңгусунда кайталана берсе, анда ал бир катага эсептелинет. Бир типтүү деп бир эреже бузулган катаны эсептейбиз, эгер туура жазылуунун тандоо шарты ошол сөздүн грамматикалык жана фонетикалык өзгөчөлүктөрүнөн турса.
1) Бир сөздүн туура жазылышын табыш үчүн башка (бир уңгу) сөздөрдү же анын формасын тандоо керек болгондо бир типтүү ката болуп эсептелинбейт.
2) Биринчи үч бир типтүү каталар бир ката болуп эсептелет, кийинки ар бир ошол сыяктуу ката өз алдынча ката болуп эсептелинет.
3) Эгерде бир сөздө текшерүүгө мүмкүн болбогон орфограммалар менен кошо 2 жана андан ашык катага жол берилсе, анда бардыгы бир ката болуп эсептелинет.
Сунушталган нормативдер:
Контролдук сөздүк жат жазууну баалоо көрсөткүчүнүн таблицасы

| | |
|---|---|
| “5” деген баа | ката жок |
| “4” деген баа | 1-2 ката |
| “3” деген баа | 3-4 ката |
| “2” деген баа | 7 катага чейин |
| “1” деген баа | 7 катадан ашык |

Текшерүү иши ( грамматикалык тапшырмасы бар жат жазуу)
Жат жазуу жана кошумча (фонетикалык, лексикалык, орфографиялык, грамматикалык) тапшырмадан турган текшерүү ишинде, ар бир иштин түрүнө эки баа коюлат. Жат жазууну баалоодо жогоруда айтылган нормативдерди колдонуу керек. Грамматикалык тапшырмаларды аткарууда жол берилген орфографиялык, пунктуациялык жана грамматикалык каталар, жат жазууга баа коюп атканда эсептелинет.
Сунушталган нормативдер:
Грамматикалык тапшырманы баалоо көрсөткүчүнүн таблицасы

| | |
|---|---|
| “5” деген баа | Тапшырма туура аткарылган |
| “4” деген баа | Тапшырманын ¾ кем эмес бөлүгү туура аткарылган |
| “3” деген баа | Тапшырманын жарымынан кем эмеси туура аткарылган |
| “2” деген баа | Тапшырманын жарымдан кем туура аткарылган |
| “1” деген баа | Бардык тапшшырмалар ката аткарылган |

Дил баяндар жана баяндамалар

Дил баяндар жана баяндамалар окуучулардын кептик компетенттүүлүк түзүлүш деңгээлин текшерүүнүн негизги формалары болуп эсептелинет. Дил баян жана баяндоолордун жардамы менен теманы ачып берүү жөндөмдүүлүгү, тил каражаттарынын стиль, тема жана өз оюн айтуу милдеттери менен дал келиши текшерилет. Тил нормаларынын жана туура жазуу эрежелеринин сакталышы.
Баяндама тексттеринин талаптары:
Толук баяндоонун текстинин болжолдуу көлөмү:
5- класста -100-150 сөз
6-класста – 150-200,
7-класста – 200-250,
8-класста- 250-350,
9-класста- 350-450 сөз.

Жыйынтыктоо контролдук баяндаманын текстинин көлөмү 8-9- класстарда мындай сабактарда даярдоо иштери жүргүзүлбөгөнүнө байланыштуу 50 сөзгө көбөйүшү мүмкүн.

Дил баян жана баяндоолорду сунушталган баалоо критерийлери:
А) мазмуну
Темага мазмундун, негизги ойдун дал келиши;
Теманы оригиналдуу ачып берүүсү;
Фактыларга негизделген материалдардын аныктыгы;
Баяндоонун ырааттуулугу.
Б) кептик кооздугу:
Сөздүктүн жана грамматикалык сөздүн түзүлүшүнүн ар түрдүүлүгү;
Стилдик бирдиктүүлүк жана кептин ачык – айкындуулугу;
Тил каталарынын жана стилистикалык кемчиликтердин көлөмү.
Бардык эле дил баяндар жана баяндоолор эки баа менен бааланат: биринчиси мазмуну жана кептин кооздугу үчүн коюлат (тил нормаларынын жана стилистикалык каражаттарынын тандоо эрежелеринин сакталышы), экинчиси – орфографиялык, пунктуациялык нормалардын жана грамматикалык каталардын сакталышына. Орфографиялык жана пунктуациялык сабаттуулук окуучу тарабынан кетирилген катанын санына карата бааланат. ( контролдук жат жазууну баалоо нормативдерин карагыла).
Сунушталган нормативдер:
Дил баяндар жана баяндоолордун баалоо көрсөткүчүнүн таблицасы

| | Көрсөткүчтөрү | |
|---|---|---|
| | Кептин кооздугу жана мазмуну | Грамматика |
| “5” деген баа | 1. Иштин мазмуну толугу менен темага дал келет.<br>2. Чыныгы каталардын жоктугу.<br>3. Мазмуну ирети менен баяндалат.<br>4. Иш сөздүктүн байлыгы, ар түрдүү синтаксистик түзүлүштөрдү колдонулугандыгы, сөздөрдү колдонуунун тактыгы менен айырмаланат.<br>5. Жалпы алганда иште мазмунунда 1 жана 1-2 кептик кемчиликтерге жол берилсе. | Уруксат берилет:<br>1 орфографиялык,<br>же 1 пунктуациялык,<br>же 1 грамматикалык катага. |
| “4” деген баа | 1. Иштин мазмуну негизинен темага дал келет(четке чыгуусу аз эле).<br>2. Негизинен мазмуну анык, бирок фактыга негизделген айрым учурай турган тактык эместиктер бар.<br>3. Ой пикирин иреттүү баяндоодо бир аз гана бузулуулар бар.<br>4. Кептин лексикалык жана грамматикалык түзүлүшү жетиштүү, ар түркүн болсо.<br>5. Иштин стилинин бирдиктүүлүгү жана кептин ачык-айкындыгы менен айырмаланат.<br>6. Жалпысынан иштин мазмунунда 2 ден ашык эмес жана 3-4төн ашык эмес кептик кемчиликтерге жол берилсе. | Уруксат берилет:<br>2 орфографиялык жана 2 пунктуациялык каталар, же 1 орфографиялык жана 3 пунктуациялык каталар, же 4 пунктуациялык каталар, орфографиялык каталар жок болсо, жана 2 грамматикалык каталар болсо. |
| “3” деген баа | 1. Иште темадан олуттуу четке чыгууларга жол берилсе. | Уруксат берилет:<br>4 орфографиялык жана 4 |

| | | |
|---|---|---|
| | 2. Иш негизинен ачык-айкын , бирок айрым тактык эместиктер бар болсо.<br>3. Ирettүү баяндоодо айрым бузулууларга жол берилсе.<br>4. Сөздүктүн жакырдыгы жана бир түрдүүлүгү колдонулган синтаксистик түзүлүшү, туура эмес сөздөрдүн колдонулушу кездешсе.<br>5. Иштин стили бирдикүүлүгү менен айырмаланат, кеп жетиштүү деңгээлде ачык-айкын эмес.<br>6. Жалпысынан иштин мазмунунда 4 дөн ашык эмес жана 5 кептик кемчиликтерге жол берилсе. | пунктуациялык каталар, же 3 орфографиялык жана 5 пунктуациялык каталар, же 7 пунктуациялык каталар орфографиялык каталар жок болсо, жана 4 грамматикалык каталарга. |
| “2” деген баа | 1. Иш темага дал келбейт.<br>2. Көп тактык эместиктерге жол берилсе.<br>3.Иштин бардык бөлүктөрүндө ойдун баяндоо ирети бузулса, өз ара байланыш жок болсо.<br>4.Тексттин стилдик бирдиктүүлүгү бузулган.<br>5. “ 3” деген баага караганда мазмунунда жана кепте кемчиликтер көп болсо. | Уруксат берилет:<br>“3” деген баага караганда орфографиялык, пунктуациялык жана грамматикалык каталар көп болсо. |

## Бишкек шаарындагы Т.Сатылганов атындагы №69 ОТК-гимназиясынын 2018-2019-окуу жылындагы окуу китептери, кыргыз тили, кыргыз адабияты, тарых кабинеттеринин ТСО жана көркөм адабияттар менен камсыздалышы

2018-2019- окуу жылында 5 кыргыз тили жана 2 тарых кабинети уюштурулган.

### 1. Техникалык каражаттар:

Компьютер-1,

интерактивдүү доска-1

DVD-3

телевизор-3

### 2. Дидактикалык материалдар:

-Кыргыз тили жана адабияты боюнча дисктер
-Сабактардын презентациялары
-видеолор
-дидактикалык карточкалар
-ар бир класска жана ар бир бөлүмгө түзүлгөн тесттик иштер
-көркөм адабияттар (Ч. Айтматовдун томдуктары, акын-жазуучулардын чыгармалары, ар кандай адабий окуу китептер).